**Академиялык мобилдүүлүк**

2024-жылдын 20-сентябрь күнү “Академиялык мобилдүүлүк” программасынын алкагында Россия жана Казакстан мамлекеттеринин алдыңкы жогорку окуу жайларында билим алып келген студенттерибиздин катышуусунда тажрыйба алмашуу иш-чарасы болуп өттү. Иш-чаранын негизги максаты – чет өлкөлүк университеттерде окуп келген студенттердин алган билимдерин, көргөн-билгендерин жана эл аралык тажрыйбасын бөлүшүү болду.

2024–2025-окуу жылынын 1-жарым жылдыгында Колдонмо математика жана информатика адистигинин 3-курсунун студенти Махмут кызы Бегайым — Санкт-Петербург мамлекеттик университети окуу жайында билим алып, академиялык чөйрө, окутуу методикасы жана илимий изилдөөлөр боюнча баалуу тажрыйба топтоп келди.

Ошондой эле КМИГД кафедрасынын Графикалык дизайн адистигинин студенттери Ильязова Кенже, Жакшылык кызы Дилназ — Л.Н. Гумилёв атындагы Евразия улуттук университети университетинде академиялык мобилдүүлүктүн алкагында окуп, чыгармачылык жана кесиптик көндүмдөрүн өркүндөтүп келишти.

Иш-чаранын жүрүшүндө студенттер алмашуу программасы аркылуу алган билимдери, жаңы окутуу ыкмалары, эл аралык студенттик чөйрөдө өз ара кызматташуу мүмкүнчүлүктөрү жана маданий тажрыйбалары тууралуу кеңири баяндап беришти. Мындай жолугушуу башка студенттер үчүн да чоң мотивация жана келечекте академиялык мобилдүүлүк программаларына катышууга дем берүүчү аянтча болду.

Иш-чаранын уюштуруучусу: Шамшиева Гулмира.


Развивайтесь вместе с ОшГУ!


Внеучебная жизнь


Как

